**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар кеңеши
№ 11 протоколу
«26» Июнь 2023-жыл

**БЕКИТЕМ**
ЖАМУнун ректору
профессор К.Ж.Усенов
________________
«____» __________ 2023-жыл

# Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН МАДАНИЙ-ЭСТЕТИКАЛЫК БОРБОРУНУН ЖОБОСУ

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин маданий-эстетикалык борборун ачуу ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 24.02.2017ж. №5-жыйынын чечими менен ЖАМУнун ректорунун 27.02.2017ж. №56-буйругунун негизинде ачылган. Борбордун жалпы ишмердүүлүгүн ЖАМУнун социалдык иштер жана мамлекеттик тил проректору координациялайт.

## I. Жалпы жобо

1. Студенттердин маданий жана эс алуу борбору (мындан ары - борбор деп айтылат) ЖАМУнун (мындан ары университет деп айтылат) Социалдык иштер жана мамлекеттик тил боюнча (Мындан ары СИжанаМТ деп айтылат) иштеринин проректорунун структуралык тармагына кирет, университеттин кызматкерлеринин жана студенттеринин маданий баарлашуусунун, руханий өнүгүүсүнүн жана активдүү эс алуусу үчүн иш алып барган борбор болуп эсептелет.
2. Борбордун толук аталышы – ЖАМУнун маданий-эстетикалык борбору, кыскартылганы – МЭБ.
3. Университеттин студенттери менен чыгармачылык иш алып баруу акысыз жүргүзүлөт.
4. Борбордун ишмердүүлүгү КР “Билим берүү жөнүндө мыйзамынын” тарбиялык иштер багытынын, ЖАМУнун уставынын, жана башка укуктук-нормативдик актылар жана жоболордун негизинде жүргүзүлөт.

## II. Борбордун максаты жана милдеттери

*Борбордун артыкчылык максаттары:*

- Университетте окуган студенттерди маданий жана эстетикалык баалуулуктарды аздектөөгө багыттоо менен маданий-эстетикалык тарбия берүү;
- Студент жаштардын жалпы маданий компетенттүүлүгүн калыптандырууга жана чыгармачыл мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүүгө шарт түзүү;
- Бардык факультеттерде окуган студенттерди маданий эс алууну көңүл ачуу менен биргеликте уюштуруу ишмердүүлүгүнө активдүү катышууга тартуу;

1. ***Борбордун милдеттери жана тапшырмалары:***

- Студенттердин арасынан көркөм өнөргө кызыккан шыктуу, таланттууларын тандап алып чыгып, университетте түзүлгөн көркөм ийримдерге жана топторго кошуу;
- Университеттеги көркөм чыгармачылык ийримдерди жана топторду өркүндөтүү, аткаруу чеберчиликтеринин деңгээлин көтөрүү жана репертуарын кеңейтүү;
- Студент жаштардын эс алуусун уюштурууда заманбап активдүү жаңы формаларын колдонуу;

- Студент жаштарга бош убактыларын максаттуу, туура багыттуу колдонуусун жана *көркөм чыгармачылык* чөйрөсүндө маданий кругозорун, ой-чабыттарын, сүйгөн өнөрү боюнча шыктануу, үйрөнүүлөрүнө көмөктөшүү;
- Университеттеги шыктуу, таланттуу жаштар менен шаардагы, областтагы өтүлүүчү иш-чараларга катышуу;
- Жаштарга КР улуттук жана дүйнөлүк маданияттардын мурастарын баалуулуктар системасы катары кабылдатып, үйрөтүп эстетикалык, адептик, руханий тарбия берүү;
- Көркөм чыгармачылык, маданий эстетикалык тарбия берүү, эс алууну көңүлдүү уюштуруу жаатында башка окуу жайлар жана илимий мекемелер менен иш алып баруу;
- *Университеттин* профессордук-окутуучулар жамаатынын жана кызматкерлеринин маданий-эстетикалык, көркөм-чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүүгө шарт түзүп берүү жана эс алууну көңүл ачуу менен биргеликте (досуг) уюштурууга көмөктөшүү жана колдоо көрсөтүү;
- Университеттеги "тапкычтар жана шайырлар клубун", "тамашоу" командаларынын ишмердүүлүгүн колдоо жан өнүктүрүү;
- Студенттердин ар тараптуу чыгармачылык чөйрөсүн өстүрүү;
- Университеттин социалдык-маданий чөйрөсүнүн калыптануусуна, салттуу маданиятты сактоого жана аздектөөгө шарт түзүү;
- Факультеттер жана колледждер аралык чыгармачылык таймаштарды өткөрүү;
- Шаардын, областтын, региондордун, республикадагы, эл аралык деңгээлдерде өткөрүлүп жаткан маданий турмушуна, иш-чараларга катышуу;
- Маданий-тарбиялык иштерде жаңы формаларды, ыкмаларды жана өнүттөрдү колдонуу, аларды толуктоо жана жайылтуу;
- Маданияттын мааниси, мазмуну, формасы, түрлөрү менен тааныштырып, маданий баалуулуктарды, дөөлөттөрдү сактап көбөйтүп жана жайылтуу боюнча иш жүргүзүү.

## III. Борбордун ишмердүүлүгүнүн багыттары

***Борбор өз ишмердүүлүгүн төмөнкүдөй багыттарда алып барат:***

1. ***Теориялык:*** университеттеги маданий-массалык жана чыгармачылык иштеринин максат милдеттерин орундатуу үчүн негизги багыттарды жана өнүттөрдү аныктайт. Иштин салтка айланган формаларын өнүктүрөт, жаңы формаларын, демилгелүүк жана такай изденүү менен иш алып барат;
2. ***Усулдук:*** Университеттин факультеттерине, кафедраларына, колледждерине, студенттердин өзүн-өзү башкаруу уюмдарына маданий-массалык жана спорттук иш-чараларды, майрамдарды, салтанаттарды, юбилейлик даталарды өткөрүүдө, сценарийин талдоодо усулдук көмөк көрсөтөт.
3. ***Уюштуруучулук:*** академиялык деңгээлде маданий-массалык иштерди уюштурат (фестивалдар, конкурстар, салттуу иш-чаралар, тематикалык жана театралдаштырылган концерттер ж.б.). Университетин өздүк көркөм чыгармачылыгын, чыгармачыл жамааттарын түзүүнүн үстүндө иш жүргүзөт, иш-чараларды уюштурат.
4. ***Көркөмдүк:*** Университетте чыгармачыл социомаданий чөйрө түзүүгө, студенттердин көркөм-эстетикалык талаптарын, аткарууга аткарууга артыкчылыктарын көрсөтүүгө, өнүктүрүүгө шарт түзөт. Университеттин студенттеринин жана жаштарынын арасынан чыгармачылыкка, шыктуу таланттуларын таап, тарбиялап, өсүүсүнө багыт берет.
5. ***Агартуучулук:*** Маданияттын, искусствонун жана башка тармактагы белгилүү, өзгөчөлөнгөн жана көрүнүктүү инсандарды чакырып, студенттер жана профессордук-окутуучулар жамааты менен жолугушуу кечелерин өткөрөт.

## IV. Борбордун ишин уюштуруу

1. Борбордун жалпы ишине борбордун жетекчиси жооп берет. Борбордун ишинин сапатына (багыттары боюнча) борбордун штатындагы кызматкерлери жоопту. Борбор структуралык бөлүм катары университеттин социалдык иштер жана мамлекеттик тил проректоруна баш ийет.
2. Борбордун жетекчисин СИ жана МТ проректору ректорго сунуштайт жана ректордун буйругунун негизинде жумушка кабыл алынат жана жумуштан четтетилет.
3. Борбордун кызматкерлери ээлеген кызматтарында тиешелүү квалификацияга ээ болушу шарт. Кесиптик ишмердүүлүгүндө чыгармачыл, ак ниеттүү, демилгелүү болуп ишмердүүлүк жана инсандык сапаттары жогору болушу шарт.
4. Борбордун штаты пландоо-каржылоо бөлүмү тарабынан аныкталып, СИ жана МТ проректору тарабынан ректорго сунушталат. Университеттин ректорунун буйругунун негизинде бекитилет.

## V. Укутары жана милдеттери

1. ***Борбордун укуктары:***

- Өз ишмердүүлүгүн жободо белгиленгендей, максаттары, милдеттери жана багыттарына жооп бергендей кылып, ишмердүүлүктүн конкреттүү формаларын, маани-мазмундарын өз алдынча аныктап жүргүзө алат;
- Борбордун ишмердүүлүгүнүн алдыга жылуусу жана сапатынын жакшыруусу үчүн сунуштарды университеттин ректорунун жана СИжана МТ проректорунун кароосуна алып чыга алат;
- Борбордун кызматкерлеринин арасынан өзгөчөлөнгөн, жумушунда активдүүлүгүн көрсөткөн кызматкерлерди университет тарабынан сыйлоого, ошондой эле эмгек тартибин бузган кызматкерлерди дисциплинардык чара колдонуу үчүн университеттин ректорунун жана СИ жана МТ проректорунун кароосуна алып чыга алат;
- Борбордун ишин жүргүзүү үчүн тиешелүү кызматкерлерден орнотулган шартта жумушка тиешелүү иш-кагаздарын жана маалыматтарды алып тура алат;
- Борбордун ишмердүүлүгүнө байланышкан маселелерди чечүүдө, университеттеги маданий-массалык жана башка тарбиялык багыттагы иш-чараларды уюштурууда, университеттин бардык структуралык тармактары жана коомдук уюмдары менен карым-катнашта болууга милдеттүү;
- Жалал-Абад шаарынын, Жалал-Абад областынын жана республикалык деңгээлдеги маданият жана жаштар иштери боюнча мекемелери жана уюмдары менен, коомдук уюмдар жана социалдык өнөктөштөр менен карым-катнашта боло алат;

2. ***Борбордун кызматкерлеринин милдеттери:***

Борбордун кызматкерлеринин милдеттери ар бир кызматкердин кызматтык милдеттерине жараша аныкталат:

- Комуз боюнча улуу адис кызматын аткарып жаткан кызматкер студенттердин арасынан комузга кызыккан, комузда ойной ала турган, шыктуу, таланттууларын тандап, алардын ар бири менен жекече иш алып барып, комузда туура жана так ойногонду, комуздун коштоосунда ырдаганды үйрөтөт, комузчулар ансамблин түзөт. Ошону менен бирге улуттук музыкалык аспаптардан түзүлгөн фольклордук топ түзүүгө жардам берет. Дастан айтууга, манас айтууга үйрөтүүнүн үстүндө иш алып барууга милдеттүү;
- “Хореография боюнча улуу адис” кызматын студенттердин арасынан бийге кызыккан, шыктуу, таланттууларын тандап, алардын ар бири менен жекече иш алып

барып, бий топторун түзөт жана алар менен бий композицияларын иштеп чыгат. Ошону менен бирге улуттук музыкалык аспаптардан түзүлгөн фольклордук топ түзүүгө жардам берүүгө милдеттүү;

- “Вокал жана башка аспаптарда ойноого үйрөтүүчү адис” кызматын аткарып жаткан кызматкер, студенттердин арасынан ырга, музыкалык аспаптарда ойноого кызыккан жана “минусовка” менен ырдай ала турган, музыкалык аспаптарда ойной ала турган, шыктуу, таланттууларын тандап, алардын ар бири менен жекече иш алып баруу менен, аларга туура жана так ойногонду, музыкалык аспаптардын коштоосунда жана минусовкалар менен эстрадалык жанрда ырдаганды үйрөтөт. Ошону менен бирге улуттук музыкалык аспаптардан түзүлгөн фольклорлдук топ түзүүгө, эстрадалык топ түзүүгө жардам берүүгө милдеттүү;
- Борбордун кызматкерлерине университеттик деңгээлдеги маданий-массалык иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү жоопкерчили жүктөлөт;
- Борбордун кызматкерлери шаардык, областтык, республикалык жана эл аралык кароо-сынактарга жана фестивальдарга университеттин студенттерин даярдап, катыштырып, алып барып келүүгө милдеттүү;
- Борбордун кызматкерлери университеттин профессордук-окутуучулар жамааты жана кызматкерлери уюштуруп жана өткөрүп жаткан маданий-массалык иш-чараларга, СИжанаМТ боюнча проректордун макулдашуусу менен көмөк көрсөтөт;
- Студенттердин факультеттик деңгээлде жана колледждерде уюштурулуп өтүүчү маданий-массалык иш-чараларга, СИжанаМТ боюнча проректордун макулдашуусу менен көмөк көрсөтөт.

## VI. Жоопкерчиликтер

***Борбордун жетекчисине өзгөчө жеке жоопкерчилик жүктөлөт:***

- Борбордун ишмердүүлүгүн уюштурууда жана негизги максаттарын, милдеттерин, негизги багыттарын жобонун негизинде ишке ашыруу;
- Борбордун иш кагаздарын жобого жана эрежелерге ылайык ыкчам жана сапаттуу аткаруу;
- Борборго кызматкерлерди тандоо жана алардын ишмердүүлүктөрүн, функционалдык милдеттерин, эмгек тартибин сактоосун көзөмөлдөө;
- Борборго таандык материалдык баалуулуктарды жана мүлктөрдү сактоо, өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо.

## VII. Борбордун каржылык – чарбалык ишмердүүлүгү

1. Борбордун жана борбор өткөрүп жаткан иш-чаралардын чыгымдары университеттин атайын каражатынын эсебинен сметага киргизилип каралат (декорациялык жасалгалоо жана бутафориялар, костюмдар, музыкалык аспаптар, музыкалык-техникалык аппаратуралар ж.б.);
2. Борбор университеттик, шаардык, областтык деңгээлдерде уюштуруп жана өткөрүп жаткан кээ бир иш-чараларды (“ЖАМУнун сулуусу”, акциялар, марафондор, ж.б.) эсептик-каржылык негизде жүргүзөт жана андан түшкөн каражат (каржы булагы) ошол эле өткөрүлүп жаткан иш-чаранын чыгымдарына жумшалат.

Түзүүчүлөр: Турдубаев.Э.К
Шаимкулов Ы.А.